Ким бир намазды унутса, аны эстегенде окусун. Ага андан башка каффарат (8) жок. Аллах таала айтты: "Мени эстөө үчүн намаз оку

Анас бин Малик (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айтты: "Ким бир намазды унутса, аны эстегенде окусун. Ага андан башка каффарат (8) жок. Аллах таала айтты: "Мени эстөө үчүн намаз оку" [Таха: 14]".

[Сахих (ишенимдүү)] [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) кимде-ким кайсы бир парз намазды окууну убактысы бүткүчө унутуп калса, аны эстеген замат казасын окууга шашылуусу керек экенин баяндады. Эгер мусулман унуткан намазын эстегенде окубаса кайдыгерликтин күнөөсү кечирилбейт жана өчүрүлбөйт. Анткени Аллах Таала Өзүнүн ыйык китебинде айтты: "Мени эстөө үчүн намаз оку". [Таха: 14]". Мааниси: унутулган намазды эстеген кезде оку.

http://www.sunnah.global/hadeeth/ky/show/65088